
# Сырдуулугу, коопдугу менен өзгөчөлөнгөн Ат-Кулак жайлоосу

**Кызыл-Белес айыл аймагында көргөндүн көз жоосун алган Ат-Кулак жайлоосу жайгашкан. Жергиликтүү санжырачылардын айтымында жөн жайлоо эмес. Койнуна коопдукту гана катпастан, тарыхый чындыкка чукул уламыштарды кошо каткан жайлоо десек болчудай.**



Кызыл-Белес айыл өкмөтүнүн мурунку айыл өкмөт башчысы Шейшенаалы Максүтовдун айтымында, Ат-Кулак жайлоосу күн чыгыш тарабынан Ак-Кудук айыл аймагы, күн батыш жагынан Тоголок Молдо айылы менен чектешет. Негизинен, Молдо-Тоо кыркаларында жайгашкан. Эң бийик чокусу Бабык-Чоку деп аталат. Бел-Булак, Коржой, Шаркыратма, Турдубайдын аралы, "Холодильник", Байжан-Үңкүр, Салык-Үңкүр тилкелери орун алган. Ат-Кулак жайлоосун көбүнчө кайберендер мекендешет. Ошондой эле, сүлөөсүн, карышкыр, суур, түлкү сыяктуу жаныбарлар жашайт. Илгери илбирс бар болчу деп калышат. Бирок, учурда кездешпейт. Биздин бабалар аюуга аңчылык кылышып, терисин пайдаланган учурлары болуптур. Жайлоонун сырдуулугу, коопдугу тууралуу М.Максүтов маалымат берди.

## Алтын катылганбы?

- Кезегинде бул жайлоону калмактар мекендеген имиш. Бир жайык жер бар. Ошол жерде белгисиз чеп болгон деген уламыштар айтылып жүрөт. Ушул жердин жанында Салык-Үңкүр деген үңкүр жайгашкан. Үңкүрдө катылган алтын бар, алтынды издеп казышкан деген дагы уламыштар эл оозунда айтылып жүрөт. Мен дагы үңкүргө кирип көргөм. Ичинде мрамор сыяктуу ак таштар бар. Аркы түбү атайын казылган сыяктуу көңдөй болуп көрүнүп турат. Учурда жер кыртышынын өсүшүнөн улам үңкүр кичирейип бара жатат. Ошондой эле, Манас атабыздын таш тулгасы, Аккуланын мамысы Ат-Кулак жайлоосу менен Соң-Көл жайлоосунун чектешкен жеринде орун алган.

## Туризмди өнүктүрүүгө эң сонун жайлоо

- Туризм тармагын өнүктүрүүгө, туристтерди тартууга мүмкүнчүлүк боло турчу жер. Мындан алты жыл мурун Манас атабыздын таш тулгасында туристтик база уюштуруп, туристтерди кабыл алып келгем. Туристтерди аттар менен Таш-Тулгадан Бел-Булакка, андан бийиктиги 10 метрге чукул шаркыратмага алып келип, жер көргөзүп тейлегенбиз. Ат-Кулактын өзгөчөлүгү - бир тарабына жалаң арча, бир тарабына жалаң карагай өсүп, дагы бир тарабы бийик-бийик аска зоо келип, бир тарабы бетегеден башка эч нерсе өспөгөн бир башкача жайлоо. Жайлоонун эки тарабынан тең чоң суу агат. Арча, карагай, бөрү карагат, тал, жапайы карагат, ышкын, кайың, долоно өсөт. Ошондой эле, медицина тармагына керектүү дары чөптөрдөн уулжан, аркар оту, ак кодол сыяктуу өсүмдүктөр бар. Көбүн эсе, жалбырагы аттын кулагына окшош ат кулак өсүмдүгү басымдуулук кылат. Ошондон улам дагы Ат-Кулак жайлоосу аталып калса керек.

## Турдубай баатырдын "холодильниги"

- Байжан-Үңкүр деген дагы бир керемет жер бар. Илгери, ата-бабаларыбыз ошол үңкүрдүн оозунда кыштачу экен. Анын жанында Турдубай атанын аралы деген бар. Аралда жайдын толуп турган учурунда дагы ушунчалык муздак тилке орун алган. Өзү баатыр, эл башкарып турган Турдубай аттуу адам болуптур. Илгери, ата-бабаларыбыз эт менен азыктанышкан эмеспи. Жайдын ысыгында эт сасыйт, курттайт. Турдубай ата ошол муздак жерге атайын бакандарды жасап, малдын этин бакандарга илип, анан элге берип турчу экен. Кыргызча муздаткыч деп аталат эмеспи. Бирок жергиликтүү тургундар "холодильник" деп жүрүшүп ал жердин аты "Холодильник" аталып калды.